1. **Кафедранын кыскача тарыхы:**

1957-жылы Ош педагогикалык институтунун базасында “Атайын дисциплиналар” кафедрасы түзүлүп, студенттерге Жарандык коргонуу боюнча билим бере баштаган. Кийинчерээк кафедра “Медициналык даярдоо жана жарандык коргонуу” кафедрасы деп аталып, институттун жогорку курс студенттерин эки жылдык окуу программа менен окутуп “Жарандык коргонуунун медициналык айымы” деген күбөлүк берүү менен медайымдарды даярдап келген.

1987-2015-жылдар аралыгында кафедраны доцент К.М. Мусаахунов башкарып, кафедранын көпчүлүк мүчөлөрүн шаардык жана областтык ооруканалардын врачтары түзүшкөн. Бул мезгил аралыгында кафедранын окутуучулары тарабынан 80 ден ашык илимий макалалар жана окуу-усулдук колдонмолор басылып, кафедраныны материалдык базасы жылдан-жылга жакшырган.

1990- жылдары ОшМУнун медициналык факультеттин түзүүдө кафедра өзүнүн медициналык, техникалык, окуу-усулдук бай базасын рационалдуу колдонуу менен активдүү катышкан.

2010-жылы медицина факультетинин курамына “Экстремалдык жана аскердик медицина” кафедрасы катары кошулду.

ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин 05.06.2010-жылдагы №10-чечиминин жана 07.07.2010-жылдагы №338-буйругунун негизинде кафедранын аты “Экстремалдык медицина жана өмүр коопсуздугу” деп өзгөргөн. Кыска убакыт ичинде кафедра окуу программасына ылайык 3 окуу-усулдук колдонмо жана 6 илимий макала басууга үлгүрдү.

2015-жылдын 29-августунан 2023-жылдын сентярь айына чейин кафедраны медицина илимдеринин кандитаты, доцент Мамажакып уулу Чыңгызбек жетектеп келди. Ч. Мамажакып уулунун демилгеси менен кафедранын базасында экстремалдык медицина жана жарандык коргонуу боюнча окуу-методикалык борбор уюштурулуп, материалдык техникалык каражаттар менен жабдылган. Бул борбор Өзгөчө кырдаалдар министирлигинин Ош шаардык башкармалыгы менен тыгыз байланышта иштеп, университеттик, шаардык масштабда өзгөчө кырдаалдар жана кырсыктардын алдын алуу, кесепеттерин жоюу боюнча алгылыктуу иш чараларды уюштуруп келди.

2023-жылдын сентябрь айынан баштап кафедраны м.и.к., доцент Т.Т.Орозматов башкара баштады.

Бүгүнкү күндө кафедраданын курамын 19 окутуучу түзүп, алардын ичинен 2 медицина илиминин кандидаты, 1 улук окутуучу, 15 окутуучулар, 4 КРнын Саламаттыкты сактоонун мыктысы, 1-билим берүүнүн мыктысы эмгектенишет.